
# Созулма аа тыбышы




Автор: Жыргал Сокурова

Сүрөтчү: Нурланбек Токтали уулу

# Созулма аа тыбышы

Автор: Жыргал Сокурова
Сүрөтчү: Нурланбек Токтали уулу

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган


http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Созулма аа тыбышы", "Мээр ажыдаар", "Аалынын балы" (кыргыз тилинде), автор Жыргал Сокурова, сүрөтчү Нурланбек Токтали уулу

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom

# Мээр ажыдаар






Болгон экен бир кезде,
Ажыдаардын аралы.
Коркконунан адамдын,
Көрүнбөптүр карааны.

Оозунан от чачырап,
Жаалданчу дайыма.
Каарын катуу чачыптыр,
Жашка дагы, карыга.





Ошондой бир күндөрдө,
Жаанбай баатыр чыгыптыр.
Эли-журтту коргоону,
Каалап, кайрат кылыптыр.

Күлазыгын камданып,
Жоо жарагын алыптыр.
Кармашканы күнү-түн,
Ажыдаарга барыптыр.







Көрө салып Жаанбайды,
Ажыдаар ооз ачыптыр.
Мына-мына жутаарда,
Күлазыгын чачыптыр.



Күлазыгы сыйкырдуу,
Болгон тура баатырдын.
Жасалыптыр ар чөптөн,
Тамырынан каакымдын.



Даамын татып ажыдаар.


Каарынан кайтыптыр.

Мындан ары баарыңа,

Дос болом деп айтыптыр.

Гүлгө оронтуп аралды.
Кооз кылып салыптыр.
Ойноп барган балдарга,
Гүлдөн таажы тагыптыр.






Мээр ажыдаар аталып,
Күтөт азыр балдарды.
Кулазыгын бөлүшкөн,
Жакшы көрөт Жаанбайды.

# Аалынын балы






Бул Таалай ата. Таалай ата – Аалынын атасы.


Ал аары кармайт. Аалы атасына дайыма жардамга барат. Аалы атасы Таалай болуп бал тартышты.





Аарылар кооз гүлдөрдөн бал чогултат. Таң аткандан учуп-конуп жүрөт.


Аарылар тартипти сүйөт. Жалкоолук аларга жат.





Алар жаанды жактырбайт.

Аарынын балы абдан таттуу жана пайдалуу.





Таалай атанын, Аалынын балы баарына жагат.

Алардын балы ааламга таанылды. Аларга эл ыраазы.



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Жыргал Сокурова
Сүрөтчү: Нурланбек Токтали уулу

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли